# Археология, этнология, булактаануу жана тарыхнаама кафедрасынын тарыхы

## Археология, этнология, булактаануу жана тарыхнаама кафедрасынын тарыхы

Археология жана этнология кафедрасы 1978-жылы профессор Б.М.Зиманын демилгеси менен түзүлгөн. Анын биринчи жетекчиси болуп профессор С.А.Аттокуров дайындалган.

1987-жылдан баштап кафедраны профессор Асанканов А.А. жетектеп, кыргыз элинин материалдык жана руханий маданиятын изилдөөгө өзгөчө көңүл бурган. 1988-1991-жылдары кафедра профессор М.Н. Федоровдун жетекчилиги астында иштеген. Кафедра 1997-жылы жоюлуп, 2 жылдан кийин 1999-жылы кайра калыбына келтирилип, профессор К.Ш.Табалдиевдин жетекчилиги мене ниш алып бара баштаган.

2002-2006-жылдары кафедраны доцент Москалев М.И., 2006-жылдын мартынан 2007-жылдын сентябрына чейин т.и.к., доцент Тунтеев Н.С., 2007-жылдан 2016-жылга чейин кафедраны т.и.к., доцент Бикбулатова А.Р. жетектеген

2016-жылы “Археология жана этнология” жана “Булак таануу, тарыхнаама жана тарыхый информатика” кафедраларын оптималдаштыруу максатында бир кафедрага – “Археология, этнология, булак таануу жана тарыхнаама” бириктирилген. 2016-2021-жылдары аталган кафедраны тарых илимдеринин доктору, профессор Батырбаева Ш.Ж. жетектеген. 2021-жылдан баштап кафедра т.и.к., доцент Т.Т. Чаргыновдун жетекчилиги астында иштеп келе жатат.

2020-жылдан тарта кафедра «Музеология жана маданий жана жаратылыш мурастарынын объекттерин коргоо» багыты боюнча кадрларды даярдап баштады.

Ошондой эле, кафедра жыл сайын «Археология», «Булак таануу, тарыхнаама жана тарыхый изилдөөнүн методикасы», «Этнология», «Музеология» профилдери боюнча магистранттарды, ошондой эле аспиранттарды, PhD докторантттарды даярдайт.

Учурда кафедрада: ***Кафедра башчысы т.и.к., доцент Чаргынов Т.Т.., КР УИАнын академиги Асанканов А.А., илимдин докторлору, профессорлор Батырбаева Ш.Ж., Бикбулатова А.Р.; илимдин кандидаттары, доценттер: Кушубеков А.Т., Сырдыбаев Т.Т., Солтобаев О.А., Эралиев С.Н., Жумалиева С.Ч.; ага окутуучулар: Орозахунова З.Ж., Токобаев С.И., Сайпидинова К.С.; окутуучулар: Кадыралиева М.К., Касымкулов К.Н. эмгектенишет.***

ТАРЫХ ЖАНА ЧӨЛКӨМ ТААНУУ ИНСТИТУТУ

***Кафедра башчысы***



Т.и.к., доцент

***ЧАРГЫНОВ***

***Темирлан Таштанбекович***



Т.и.д., профессор
***БАТЫРБАЕВА***
***Шайыркул Джолдошевна***




Т.и.д., профессор
***БИКБУЛАТОВА***
***Аниса Рифовна***



Т.и.к., доцент

***КУШУБЕКОВ***

***Алымбек Тынысбекович***



Т.и.к., доцент

***СЫРДЫБАЕВ***

***Туратбек Токтобекович***



Т.и.к., доцент

***ЭРАЛИЕВ***

***Салайдин Нуралиевич***



Т.и.к., доцент

***СОЛТОБАЕВ***

***Орозбек Асекович***



Т.и.к., доцент

***ЖУМАЛИЕВА***
***Сайкал Чубаковна***



Ага окутуучу

***ОРОЗАХУНОВА***
***Замира Жумабековна***



ага окутуучу

***ТОКОБАЕВ***


***Сыймык Исмаилович***



Ага окутуучу

***САЙПИДИНОВА***

***Карлыгач Сыргакбековна***



Окутуучу

***КАДЫРАЛИЕВА***

***Мираида Кайратбековна***



Окутуучу

***КАСЫМКУЛОВ***

***Келдибек Намазбекович***

# ТАРЫХ ЖАНА ЧӨЛКӨМ ТААНУУ ИНСТИТУТУ




Учурда кафедрада: КР УИАнын академиги Асанканов А.А., илимдин докторлору, профессорлор Батырбаева Ш.Ж., Бикбулатова А.Р.; илимдин кандидаттары, доценттер: Кушубеков А.Т., Сырдыбаев Т.Т., Чаргынов Т.Т., Солтобаев О.А., Эралиев С.Н., Жумалиева С.Ч.; ага окутуучулар: Орозахунова З.Ж., Токобаев С.И., Сайпидинова К.С.; окутуучулар: Кадыралиева М.К., Касымкулов К.Н. эмгектенишет.



Кафедранын кызматкерлери чоң илимий иштерди жүргүзүп жатышат. Анын археология, этнология, булак таануу жана музей таануу боюнча адистешкен профессордук-окутуучулар курамы жана студенттери көптөгөн илимий жана изилдөө программаларына катышып келишет.

## ТАРЫХ ЖАНА ЧӨЛКӨМ ТААНУУ ИНСТИТУТУ




Кафедар уюштуруучулар менен 1995-1996-жылдары болгон эл аралык кыргыз-герман экспедициясынын ишинде Кочкор өрөөнүнүн байыркы эстеликтерин изилдеген. 1996-2000-жылдары Соң-Көл ойдуңунун жана Алай өрөөнүнүн көчмөн жана отурукташкан калкынын эстеликтерин изилдеген кыргыз-түрк экспедициясынын курамында иштеген. 3 талаа мезгилинде археологдор Кумтөр алтын кен комбинатынын жанында жайгашкан палеолит жана мезолит эстеликтерин, ар кайсы мезгилдеги көрүстөндөрдү, аскага тартылган сүрөттөрдү жана Май-Төр кербен сарайын аныктоо жана изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. 2000-жылдан бүгүнкү күнгө чейин алар Түштүк Корея, Япония, Кытай, Канада, АКШ, Россия жана Европа Биримдигине кирген өлкөлөрдөн келген кесиптештери менен бирге ар кандай доордогу жана типтеги археологиялык эстеликтерди изилдөөдө. 2014-жылдан бери Россиянын Илимдер академиясынын Сибирь бөлүмүнүн Археология жана этнография институту, Новосибирск мамлекеттик университети (Новосибирск) менен биргеликте палеолит археологиялык экспедициясы Баткен районунун эстеликтерин изилдөө иштерин жүргүзүп келет. Иштин жыйынтыгында Кыргызстандын байыркы тарыхы боюнча жаңы маалыматтар алынды.



Кафедранын археологдору илимге белгисиз болгон жүздөгөн байыркы эстеликтерди илимий жүгүртүүгө киргизишкен. Алардын айрымдары дүйнөгө таанылган: палеолит доорундагы Сел-Үңкүр үңкүрлөр комплекси, Обишир жана Сур-Үңкүр гротолору, Курама жогорку палеолит эстеликтери, Көк-Сай байыркы түрк жазуулары, Кошой-Коргон байыркы конушу жана Май - Тор кербен-сарайы.





Этнографтар Кыргызстандын Баткен, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Жалал-Абад облустарын мекендеген элдеринин маданияты тууралуу эң бай материалдарды чогултушкан.

ТАРЫХ ЖАНА ЧӨЛКӨМ ТААНУУ ИНСТИТУТУ





Кафедра Россиянын Илимдер академиясынын Сибирь бөлүмүнүн окумуштуулары – Худяков Ю.С., Деревянко А.П., БутанаевВ.Я., Зенин А.Н., Россия илимдер академиясынын Санкт-Петербург бөлүмүнүн окумуштуулары – Кляшторный С., Массон М.Е., Коробкова Г.А. жана Россия илимдер академиясынын Археология институтунун окумуштуулары — Брыкина Г.А. жана Кызласов В.Л. менен тыгыз байланышта иштеп келген жана иштешет.

Кафедра Алтай мамлекеттик университети менен тыгыз кызматташат. 2014-жылы долбоордун алкагында кафедранын кызматкерлери профессор Батырбаева Ш.Ж., доцент Сырдыбаев Т.Т. жана окутуучу Жумабекова Ж. тарыхый изилдөөдө ГИС технологияларын колдонуу боюнча биргелешкен илимий иштерди жүргүзүшкөн.

Кафедранын жамааты кафедрада адистешкен студенттер жана магистранттар менен биргеликте үч өлчөмдүү 3D моделдөөдө орто кылымдардагы Кыргызстандын тарыхый объектилерин (Кошой Коргон чеби жана Бурана мунарасы) моделдөө жана реконструкциялоо боюнча чоң иштерди жасап, ийгиликтүү патент алган.

2021 -жылдан баштап кафедранын окутуучулары Алтай мамлекеттик университети менен бирдикте “Улуу Алтайдын түрк-монгол дүйнөсү: тарыхтагы биримдик, көп түрдүүлүк жана азыркы мезгил” долбоорунун негизинде экспедицияларга катышып келишет.




Окутуучулар жана студенттер жамааты Ж.Баласагын атындагы КУУ, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейи тарабынан уюштурулган бардык экспедицияларга катышып келишет.

# ТАРЫХ ЖАНА ЧӨЛКӨМ ТААНУУ ИНСТИТУТУ



Археологиялык жана этнографиялык экспедициялардын натыйжасында алынган материалдар монографияларда, макалаларда чагылдырылган.

2017-жылдан бери кафедранын астында музей изилдөө борбору иштеп келет. Музейде археологиялык жана этнографиялык экспонаттар сакталган. Ошондой эле, университеттин тарыхы боюнча экспозиция иштейт.

Кафедранын жалпы илимий темасы «Коомду маалыматташтырууда Кыргызстандын тарыхий маданий мурастарын изилдөө» деп аталып, төмөнкү багыттарга бөлүнөт:

а) Изилдөө темасы: Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы археологиясы. Илимий багыты – Кыргызстандын археологиясы. Адистиги – археология. (Шифр – 07.00.06.) Изилдөөнүн тиби – чалгындоо. Багыттын жетекчиси - т.и.к., доцент Чаргынов Т.Т.

б) Изилдөө темасы: Кыргыздардын жана Кыргызстан элдеринин материалдык жана руханий маданияты.
Илимий багыты – Кыргызстандын этнографиясы.
Адистиги – этнография, этнология, антропология (Шифр – 07.00.07.)
Изилдөөнүн тиби – чалгындоо, колдонмо. Багыттын жетекчиси - т.и.д., профессор Бикбулатова А.Р.

в) Изилдөөнүн темасы: Дисциплиналар аралык заманбап тарыхый изилдөөлөрдүн иманенттүү өзгөчөлүгү катары.
Илимий багыты: «Тарыхый информатиканын методологиялык проблемалары».
Адистиги – Булак таануу, тарыхнаама жана тарыхый изилдөө методикасы (Шифр – 07.00.09.)
Багыттын жетекчиси – т.и.д., профессор Батырбаева Ш.Дж.

# Контакты:

**720033**

**Кыргызская Республика**

**г.  Бишкек**

**улица Фрунзе 547**

**Кабинет №330**

**+996 312 32 31 92**

**Контакты:**

**+996 553 870 858**